# СТОПКОЛИК

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:** Стопколик.
**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** жок.
**Дарынын түрү:** ичип кабыл алуу үчүн тамчылар.
**Курамы:** ар бир мл төмөнкүлөрдү камтыйт:
*Активдүү заттар:*
Симетикон эмульсиясы USP
симетиконго туура келет 40 мг;
Ашкөк майы BP 0,005 мл;
Кереч майы USP 0,0007 мл;
*Көмөкчү заттар:*
ментол, сахароза, натрий метилпарабен, натрий пропилпарабен, ксантан чайыры, суюк сорбитол (сорбитол эритмеси 70%), полисорбат 80, хлороформ, бронопол, аспартам, жыпар жыт бергич Saunf (анис эссенциясы №1), натрий цитрат, коллоиддүү кремний диоксиди, тазартылган суу.

**Сүрөттөмөсү**
Янтар түстөгү айнек флаконго толтурулган, дээрлик ак түстөгү суспензия.

**Фармадарылык тобу:** Тамак-аш сиңирүү жолуна жана зат алмашууга таасир берүүчү препараттар. АИЖ функционалдык бузулууларын дарылоо үчүн препараттар. Ичегилердин функционалдык бузулууларын дарылоо үчүн препараттар. Ичегилердин функционалдык бузулууларын дарылоо үчүн башка препараттар.
**АТХ коду:** A03AX.

**Фармакологиялык таасири**
*Фармакодинамикасы:*
Стопколик – ичегидеги газдардын санын азайтуучу препарат. Таасир берүүчү зат - симетикон үстүртөдөн активдүү касиеттерге жана суюктук газ ортосундагы бөлүктүн чегинде үстүртөдөн тартылууну төмөндөтүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Ошол эле кезде көбүктөрдүн бузулушу жан газдардын көбүктөрүнүн биригүүсү болот, мунун негизинде бошонгон газ сиңирилүүгө же табигый жол менен ичегилердин капталдарынын жардамы аркылуу сыртка чыгууга мүмкүнчүлүк алат. АИЖ сиңирилбейт. Зат алмашбайт жана ичегилер аркылуу өзгөрүлбөгөн жол менен бөлүнүп чыгат.
Ашкөк майы спазмолитикалык каражат катары колдонулат. Тамак-ашты сиңирүү процессинин, ичегилердеги кыжылдоо процесстеринин бузулуусунда, ичтин ооруларында жардам берет. Ашкөк майы ошондой эле газдардын чыгуусуна түрткү болот, ооруган тырышууларды жок кылат.
Кереч майы кусууга каршы, өт айдоочу, жел айдоочу, ич алдыруучу, тырышууга каршы, диуретикалык, микробго каршы жана седативдүү таасир көрсөтөт. Ичегилердин тонусун жогорулатат жана табитти ачат.
*Фармакокинетикасы:*
АИЖ сиңирилбейт. Зат алмашбайт жана ичегилер аркылуу өзгөрүлбөгөн түрдө бөлүнүп чыгат.

**Колдонууга көрсөтмө**
- жаңы төрөлгөн жана эмчек эмген балдардын ичегилеринин сайгылашып оорусу.

**Каршы көрсөтмө**
- препараттын курам бөлүктөрүнө жогорку сезгичтүүлүк;
- фруктозаны туубаса көтөрө албастык;
- ичегилерден өтпөй калуу.

**Колдонуу жолу жана дозалар**
Колдонуунун алдында флаконду чайкап коюу керек.
Препарат тамак ичип жаткан мезгилде же тамактануудан кийин ичип кабыл алынат, зарыл болгон учурда уктоонун алдында дагы.
*6 айга чейинки наристелер:* 5-10 тамчыдан күнүнө 4 жолу;
*6-12 айга чейинки балдар:* 10-20 тамчыдан күнүнө 4 жолу;
*1 жаштан жогорку балдар:* 20-25 тамчыдан күнүнө 4 жолу; же дарыгердин дайындоосу боюнча.
Препаратты ыңгайлуу кабыл алуу үчүн, көбүнчө кичине балдарга, аны алдын ала кайнап муздатылган суунун, балдардын тамагына, же газдалбаган суюктугуна анча көп эмес өлчөмү менен алдын ала аралаштырууга болот.
Дарылоо талмоорсу жоголгонго чейин улантылат.

**Кыйыр таасирлер**
Башка учурларда - препараттын курам бөлүктөрүн жеке көтөрө албастык.

**Ашыкча доза**
Препарат менен ашыкча доза алган учурлары сүрөттөлгөн эмес.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**
Маалыматтар жок.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**
Стопколик препараты сорбитол (сорбит) камтыйт, ошондуктан аны фруктозаны туубаса көтөрө албаган бейтаптарга колдонуу каршы көрсөтүлгөн.
*Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде колдонуу:*
Азыркы мезгилде симетикон тератогендүү же эмбриотоксикалык таасирге ээ экендиги тууралуу маалыматтар жок. Кош бойлуулук жана бала эмизүү мезгилинде препаратты колдонуу мүмкүн.
*Авто унаа жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири:*
Аныкталган эмес.

**Чыгаруу формасы**
Ичип кабыл алуу үчүн 15 мл тамчы айнек флакондо.
Бир флакон тамчылаткыч жана колдонуу боюнча нускама менен бирге картон таңгакчада.

**Сактоо шарты**
25°C дан жогору эмес аба табында, кургак, жарыктан корголгон жерде сактоо. Балдар жетпеген жерде сактоо керек.
Тоңдурууга болбойт.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл. Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин колдонууга болбойт.

**Дарыканадан берүү шарты**
Рецепти жок.

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси**
**SPEY MEDICAL LTD**
Lynton House, 7-12 Tavistock Square,
London, WC1H 9LT, UK (Улуу Британия)
**Өндүрүүчү**
Next Wave (India)
Rampurghat Road, Paonta Sahib,
Distt. Sirmour, Himachal Pradesh, India (Индия)

**Өндүрүмдүн (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду Кыргыз Республикасынын аймагында кабыл алуучу уюмдун дареги**
«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Шоорукова көч., 36.
Тел.: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com